## 6. Мүлк жана материалдык-финансылык каражаттар

66. Жалпы билим берүү уюмунун уставдык ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу же ал ыйгарым укук берген орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте өзүнө таандык менчикти же өзү үчүнчү тараптан күрөөгө алган имараттарды, курулуштарды, жабдууларды жана башка мүлктү жалпы билим берүү уюмуна бекитип берет.

Жалпы билим берүү уюмуна жер үлүшү Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте бекитилип берилет.

Жалпы билим берүү уюмуна бекитилип берилген мүлк билим берүү максатынан тышкары алынып коюлушу жана (же) ээликтен ажыратылышы мүмкүн эмес.

67. Жалпы билим берүү уюму уюштуруучусунун макулдугу менен ашканасын жана спорттук залын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күрөөгө берүүгө укуктуу.

Эгерде, жалпы билим берүү уюмунун негизги фонддорун үчүнчү тараптын пайдасына ажыратуу каралса, жалпы билим берүү уюму бүтүм түзүүгө укуксуз.

68. Мамлекеттик жалпы билим берүү уюмунун мүлкүн жана каржылоо ресурстарын топтоо булактары болуп:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;

- уюштуруучу болуп саналган жекече жана юридикалык жактардын, чет өлкөлөрдүн жана жарандарынын каражаттары;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган бюджеттен тышкаркы ишкердүүлүктөн түшкөн жалпы билим берүү уюмунун өзүнүн каражаттары;

- депозиттик салымдардан түшкөн кирешелер;

- жекече жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүктөрдүн да өз ыктыярлары менен кошкон каражаттары, кайрымдуулуктары жана максаттуу төлөмдөрү;

- кредиттер;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка да булактар эсептелет.

69. Жекече жана юридикалык жактар белек, кайрымдуулук же керээз катары берген акчалай каражаттарына, мүлккө жана менчик объектилерине, ошондой эле өз ишкердүүлүгүнөн түшкөн кирешелерден жана ошол кирешеге сатып алынган менчиктик объектилерине да жалпы билим берүү уюмунун менчиктик укугу бар.

70. Жалпы билим берүү уюму өзүнүн карамагындагы акчалай каражаттарынын жана менчигинин чегинде өз милдеттери боюнча жооп берет. Жалпы билим берүү уюмуна көрсөтүлгөн акчалай каражаты жетпей калса, анда анын милдеттери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштуруучусу жооп берет.

71. Республикалык жана муниципалдык билим берүү уюмдарын каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, каржылоо каражаттары болсо, жалпы билим берүү уюмдарын ченемдерден ашык каржылашы мүмкүн.

72. Жалпы билим берүү уюмунун финансылык-чарбачылык ишин мамлекеттик контролдоону текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актылардын негизинде жүргүзүшөт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген булактардан алынган бюджеттен тышкары каражаттарды чыгымдоо маселеси боюнча коомдук угууларды өткөрүүнүн тартиби жана мөөнөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдардын белгиленген тартибине ылайык жүргүзүлөт.